**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# АДАМ ЖАНА КООМ

**боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын 5 – 9 – класстары үчүн**

**ПРОГРАММА**

**Бишкек– 2018**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТЕРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# АДАМ ЖАНА КООМ

**боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын 5 – 9 – класстары үчүн**

# ПРОГРАММА

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5 – 9 – класстарынын «Адам жана коом» боюнча предметтик стандартынын негизинде иштелип чыккан.**

**Бишкек – 2018**

**Түзүүчүлөр:**
Иманкулов М.К. доцент, педагогика илиминин кандидаты,
Козубаева Б.У. КББАнын ага илимий кызматкери,
Сураганова З.А. КББАнын илимий кызматкери,
Жакебаева Ч. № 67 мектеп-гимназиянын тарых мугалими.

**МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| 1 | ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ. ……………………………… | 5 |
| 2 | МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР. ……………………… | 7 |
| 4 | ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ ………………………… | 13 |
| 5 | ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ………………………….. | 19 |
| 6 | КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР. ……………………………….. | 19 |
| 7 | АДАБИЯТТТАР…………………………………………………… | 26 |

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

**5–9-класстар үчүн Адам жана коом предмети боюнча программа** Кыргыз Республикасынын «Билим берүү мыйзамынын», Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, Адам жана коом боюнча предметтик стандарттын жана Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн 2018-2019-жж. Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыкты.

Программа негизги жалпы билим берүүдөгү Адам жана коом предметин окутуунун максатын, милдетин, мазмунун жана уюштуруу процессин аныктайт; окуучулардын маданий, руханий-адептик, жарандык, коомдук, инсандык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн, өзүн-өзү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү жана калыптандырууну максат кылат.

«Адам жана коом» предмети боюнча программа стандартта белгиленген талаптарды эске алуу менен түзүлүп, бардык жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн жарактуу болуп саналат.

Жаңы окуу-нормативдик документтерге (Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, Предметтик стандарттар жана базистик окуу планы) ылайык Адеп предмети 5-6 – класстарда “Адам жана коом” предметине интеграцияланды.

Бул интеграциялануу

биринчиден, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдардагы окуу жүктөмүн этап-этабы менен кыскартуу жөнүндөгү” Токтому (2012-ж., 23-март, № 202) менен бекитилген. Ага ылайык, 2013-2014-окуу жылдарында 9-11-класстардагы “Жаран таануу” (азыркы “Адам жана коом”), Экономикага киришүү жана Адеп предметтери интеграцияланып “Жаран таануу” деген аталыштагы предмет болуп калган. Ушул эле логикалык байланыш менен 5-6 – класстардагы Адеп предмети “Адам жана коом” предметине интеграцияланды. Интеграциялануу – бул жаңы предметтин алкагында Адеп предметинин мазмунун жок болуп кетүүсүн түшүндүрбөйт. Адеп предметинин мазмуну “Адам жана коом” предметинин “мазмундук сызыктарында” камтылган;

экинчиден, бүгүнкү күндө компетенттүүлүк мамиле талап кылган инсандын коомго ыңгайлашуу процессинде билим, көндүм, ыкмаларынын жыйындысы болуп эсептелген окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу билим берүүнүн негизги максаты болуп калды. Андыктан, инсандын жүрүш-турушун, адептик сапаттарын эле эмес, “коом”, “мамлекет”, “жаран” түшүнүктөрүнө ээ болуу менен коомго ыңгайлашуу, мамиле түзүүгө даярдык, өзүнүн укуктарын жана милдеттерин билүү, аларды жарандык коомдо колдоно алуу, ж.б. мыкты жөндөмдүүлүктөрүн жана сапаттарын калыптандыруу зарыл. Демек, “Адам жана коом” предмети кеңири чөйрөдө инсандын калыптануусуна шарт түзөт.

Орто мектептеги коомтаануучулук билим берүү 3 этапка бөлүнөт:

- башталгыч билим берүү (1–4- класстар);
- базалык билим берүү (5 – 9- класстар);
- орто жалпы билим берүү (10-11- класстар).

1 этап (1-4 класстар) – өзүн көрсөтүүнүн көндүмдөрүнө ээ болуу, адамдардын окшоштугу жана айырмачылыктары аркылуу алардын теңдигин таанып-билүү, адам укуктарынын алиппеси, жүрүм-турумдун белгиленген эрежелерин жана этиканы сактоо зарылдыгын түшүнүү.

2 этап (5-9-класстар) – бул этапта окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн ырааттуулугу социалдык статустун өзгөрүшүнүн куррактык чектерин, социалдык тажрыйбаны, окуучулардын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныкталат. Экинчи этап маселелердин кыйла татаал алкагына багытталган – чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүнүн практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу, бири бирине дискриминациялык эмес

мамилелерди түзүү, коомдук жүрүм-турумдун толеранттуу формаларын калыптандыруу жана өнүктүрүү. Муну менен катар башталгыч мектепте окулган «Адам жана коом» предметине удаалаштыгын камсыз кылуу керек.

3 этап (10–11- класстар) – Кыргызстанда демократиянын түзүлүш шартында жаш муундарга керек болгон билимдерге ээ болуу, инсандын активдүү жарандык позициясын, жоопкерчилик сезимин, коммуникация ыкмаларын, чыр-чатактарды чечүү ыкмаларын, адам, коом жана мамлекеттин өз ара аракеттенүүсүнүн механизмдерин түшүнүүнү калыптандыруу керек.

Предметти окуп-үйрөнүү концентрдик принцип боюнча түзүлгөн, мында мазмундук тилкелер үч контекстте ачылат: жеке (окуучунун өзү, үй-бүлөсү, достору менен байланышкан), социалдык (жергиликтүү курчаган чөйрө менен байланышкан), глобалдык (дүйнөлүк коомчулуктун жашоосуна катышуу менен байланышкан).

Программа үч бөлүктөн турат:

- методикалык сунуштар,
- предметтин мазмуну,
- күтүлүүчү натыйжалар.

“Методикалык сунуштар” – предметтин структурасы, мазмундук сызыктары, предметтик компетенттүүлүктөр, окутуунун формасы жана методдору жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

“Предметтин мазмуну” эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүк “Окутуунун мазмуну” деп аталып, окуу материалынын мазмундук сызык жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн. Экични бөлүк “Тематикалык пландаштырууда” ар бир бөлүмдөрдөгү темалар жана аларга бөлүнгөн сааттар көрсөтүлгөн.

“Күтүлүүчү натыйжалар” – ар бир класстагы окуу материалын окуп-үйрөнгөндөн кийинки окуучунун билиминин деңгээлин жана компетенттүүлүгүн аныктайт.

Аталган программа негизги жана милдеттүү нормативдик документ катары кабыл алынып, “Адам жана коом” предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн автордук программаларды иштеп чыгууда жана ОМКларды түзүүдө авторлор жана түзүүчүлөр тарабынан негиз катары алынат.

Программаны ишке ашыруу мөөнөтү 2018-2019 – окуу жылдары болуп эсептелет. Кийинки окуу жылдары программага өзгөртүүлөр киргизилип, толукталышы мүмкүн.

Программаны ишке ашырууну көзөмөлдөө иши Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрилиги жана билим берүүнүн жергиликтүү башкаруучу органдары тарабынан жүргүзүлөт.

## МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

Коомтаанууну окуп-үйрөнүү концентрдик принцип боюнча түзүлгөн, мында мазмундук тилкелер үч контекстте ачылат: жеке (окуучунун өзү, үй-бүлөсү, достору менен байланышкан), социалдык (жергиликтүү курчаган чөйрө менен байланышкан), глобалдык (дүйнөлүк коомчулуктун жашоосуна катышуу менен байланышкан).

Курчап турган социалдык дүйнөнү таанып-билүү деңгээлинин жогорулоосу, социалдык турмуштун өзгөрүлгөн шарттарына ыңгайлашуу, чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүнө ээ болуу, коомдук кызыкчылыктын пайда болушу ушундайча жүрөт.

Коомтаануунун мазмунун класстан класска түзүмдөштүрүүнүн спираль сыяктуу принциби окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет аралык жана предметтин ичиндеги келишүүлөрдү талап кылат. Ошондуктан окуу материалы социумдун кеңейүү принциби боюнча жөнөкөй кадыресе билимдерден илимий теориялардын фрагменттерине карай түзүлөт.

Мектеп окуучуларынын социалдык-экономикалык мейкиндигинин акырындык менен кеңейиши, алардын өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде реалдуу турмушка аралашуусу негизги орто мектепте (5-9-класстар) төмөндөгү тематикалар менен белгиленет:

- 5 - класс – Адам жана аны курчап турган жакынкы чөйрөсү (үй-бүлө, достор, мектеп, коңшулар ж.б.)
- 6 - класс – Адам жана анын коом менен байланышы жана жергиликтүү коомчулуктар
- 7 - класс – Адам, коом жана мамлекет
- 8 – 9- класс – Адам жана дүйнө

Өнүгүүнүн социалдык кырдаалдарына жана «Мен – аң-сезим» жүзөгө ашырылышына туура келген окутуунун конкреттүү мазмундук планы ар бир алкактын (жылдык теманын) чегинде, бирок кыйла жогорку деңгээлде аткарылат:

– «Мен» өзүн өзү идентификациялоо (өзү менен, мектеп жамааты, өз аймагы менен мамилелерде);

– өзүн башкалар менен бириктирүү: үй-бүлө, курбалдаштары, муун, эл менен;

– өзүн башка адамдын, топтун, жалпылыктын (класс, чоң кишилердин дүйнөсү, мамлекет) мейкиндигине көчүрүү – МЕН өзүн өзү аңдап билүү жана өзүн өзү көзөмөлдөө;

– МЕНдин коом менен болгон мамилелерин моделдөө: менин коомум, мен – коомдун мүчөсүмүн, мен өз мамлекетим үчүн жооп берем.

Мазмундун мындай уюштурулушу бир кыйла сыйымдуу схема болуп эсептелет, ага ылайык кереги жок кайталоолордон качуу үчүн материалды берүүдөгү ырааттулук сакталат. Ошол эле учурда бул схемадагы ар бир «клеткача» мазмундук жана тематикалык тилкелерге, окуу процесинде алардын айкалышуусуна кыйла толук жооп берген мазмун менен толтурулушу мүмкүн.

Мындай «матрицанын» натыйжасында педагог бүтүндөй курстун логикасын сактоо менен өз ишин оңой пландай алат.

Сунушталып жаткан компетенттүүлүк мамиленин өзгөчөлүктөрү төмөнкүдө турат:

– 5-класстан 9-класска чейинки вертикалды түзүү;
– мазмундун жарандык компетенттүүлүктү жана жарандык идентүүлүктү калыптандырууга багытталышы;
– курстун тарбиялык жана өнүктүрүүчү компоненттеринин күчөтүлүшү;
– материалдын көбүрөөк жеке даректелүүсү, өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн жана куралктык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
– бүгүнкү күндө мектептерде кеңири жыйылып жаткан кошумча билим берүү менен органикалык байланышы;
– учурдун курч көйгөйлөрүнө, алардын өспүрүмдөрдү ойлонткон аспектилерине кайрылуу;
– курстун мазмунуна психологиялык жана тарыхый-маданияттаанучулук материалдарды киргизүү;
– жарандык маданият тууралуу билимдерди байыткан адамдардын, тарыхый жана көркөм каармандардын образдарына кайрылуу;
– окуучуларды мектепте, райондо, шаарда, мамлекетте уюштурулган реалдуу социалдык маанилүү иштерге аралаштыруу жолу менен курстун издөөчүлүк, компетенттүүлүк, практика-ишмердүүлүк багытын күчөтүү.

Коомтаануунун түзүмүнүн өзөктүк огу болуп коомдо бүгүн жүрүп жаткан жана эртең да жүрө турган процесстер эсептелет. Коомдук процесстердин бардык көп түрдүүлүгү үч мазмундук тилкеге топтоштурулган**: социалдашуу, ишмердүүлүк, жөнгө салуу**.

**Социалдашуу (и**дентификация, коммуникация жана жүрүм-турум, ченемдөө)

- Идентификация, инсандык жана кесиптик өзүн өзү аныктоо
- Социалдык өз ара аракеттенүү (карым-катыш, инсан аралык, кесиптик)
- Социалдашуунун агенттери: үй-бүлө, курбалдаштар жамааты, мектеп, саясий жана кызыгуучулардын уюмдары, ММК, кесиптик окуу жайлары, кесиптик чөйрөлөр, мамлекет, жарандык коом
- Социалдашуунун механизмдери: тууроо, девианттык жүрүм-турум, социалдык көзөмөл
- Коомдун ченемдештирилген системасы: баалуулуктар, социалдык жана этикалык ченемдер
- Социалдык классификации жана ролдук жүрүм-турум
- Физикалык жана психологиялык саламаттыктын өнүгүүсү
- Таанып-билүүчүлүк жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсү
- Жалпы адамзаттык жана руханий-адептик баалуулуктарды энчилеп алуу
- Инсанды жана жарандыкты калыптандыруу

**Ишмердүүлүк:**

- Материалдык баалуулуктарды жаратуу, өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү
- Маданий баалуулуктарды жаратуу: маданият, дин, илим, искусство
- Коомдук-саясий турмуштун ар түрдүү чөйрөлөрүндөгү ишмердүүлүк: адамдын ажыратылбас укуктарын бекитүү жана практикалык жүзөгө ашыруу, шайлоолор, адамдардын жашоосун жакшыртуу, Мекенди коргоо, элдердин ортосунда жылуу достук мамилелерди түзүү жана бекемдөө, планетадага тынчтыкты бекемдөө, жалпы адамзаттык баалуулуктардын бекемделиши үчүн күрөш

**Жөнгө салуу:**

- Коомдук мамилелерди жөнгө салуунун ыкмалары: мораль, укук, салттар, баалуулуктар
- Чыр-чатактарды башкаруу
- Өзүн, өзүнүн жашоосун, өзүнүн окуу кызматын уюштуруу
- Турмуштук пландарды долбоорлоо
- Адекваттуу жана оптималдуу чечимдерди кабыл алуу,
- Каалагандай тармакта түрдүү технологияларды колдонуу
- Коопсуздук жана укук тартиби
- Коомду башкаруу, шайлоолор
- Коомдун туруктуу өнүгүү контекстинде моделдөө жана болжолдоо
- Азыркы учурдун глобалдык проблемалары, «планеталык аң-сезим»,
- Цивилизациялык көйгөйлөрдү башкаруу, чечүү

«Адам жана коом» предметинин максаттары менен милдеттерине ылайык предметтик үч компетенттүүлүк бөлүнүп көрсөтүлгөн:

- **жарандык-укуктук;**
- **коомдук-саясий, экономикалык;**
- **социалдык-коммуникативдик.**

**Жарандык-укуктук:**

– Билимдерди адам укугун коргоо практикасында жана жарандык милдеттерди аткарууда натыйжалуу пайдалануу;
– Адам укуктарын сыйлоо, маданият аралык толеранттуулук;
– Өзүнүн жарандык демилгелерин ишке ашыруу;
– Коомдо тартиптин сакталышына көмөктөшүү;
– Укуктук чечимдерди өз алдынча кабыл алуу.

**Коомдук-саясий. Экономикалык:**

– Өзүнүн жүрүм-турумун конкреттүү турмуштук кырдаалдарга коомдо кабыл алынган эрежелерге жана ченемдерге ылайык ыңгайлаштыруу;
– Коомдук жана экономикалык турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында укуктун, экономикалык максатка ылайыктуулуктун, адептүлүктүн, мораль жана этиканын позицияларынан чечимдерди кабыл алуу.

**Социалдык-коммуникативдик:**

– Өзүнүн умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштыруу, гуманисттик баалуулуктарга

болгон позициялардын көп түрдүүлүгүн жана сый-урмат мамилени таанунун негизинде өз көз караштарын цивилизациялуу түрдө коргоо;

– Теңдик, дискриминациялабоо, расалык, этникалык жана маданий тиешелүүлүгүнө карабастан адамдын кадыр-баркын сыйлоо принциптеринин негизинде ар түрдүү маданияттардын өкүлдөрү менен мамилелешүү жана өз ара аракеттенүүнүн конструктивдүү методдорун пайдалануу;

– Алган маалымат боюнча сын көз караш менен ой жүгүртүү жөндөмдүлүгү;

– Жазуу жана оозеки коммуникацияны билүү;

– Командада иштөөгө жөндөмдүүлүк.

Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланышта болуп, “Адам жана коом” предметинин алкагында алардын мазмунун өнүктүрөт жана тереңдетет (1-таблица).

*1-таблица. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы*

| | **Жарандык-укуктук;** | **Коомдук-саясий, экономикалык;** | **Социалдык-коммуникативдик**. |
|---|---|---|---|
| **Маалы маттык** | Маселелерди чечүүдө билимдерди жана маалыматтарды колдонуу жана ыңгайлаштыруу, ээ болгон мүмкүнчүлүктөрдү тандап алуу жана баалоо, чечимдерди кабыл алуу жана жооптуу иш-аракеттерди аткаруу жөндөмдүүлүгү | Чечилип жаткан маселелерге технологияларды колдонуу жана ыңгайлаштыруу, т.а., заманбап маалымат технологияларды натыйжалуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгү. | Маселелерди чечүүдө тилди, символдор жана тексттерди колдонуу жана ыңгайлаштыруу, б.а. ар түрдүү кырдаалдарда кептик, жазма тилдик символдорду аныктап таануу, натыйжалуу пайдалануу |
| **Социал дык-коммун икатив дик** | Кызматташуу, командада иштөө: инсан жамааттын алдында өзүнүн милдетин билүү менен максаттарын жана артыкчылыктарын топ менен макулдаша алуу, зарыл учурда лидерликти өзүнө алып, башкаларды да колдой алуу жөндөмдүүлүгү. | Тараптардын кызыкчылыктары, муктаждыктары, максаттары жана баалуулуктары ар башка болушунан улам келип чыккан конфликттерде эки тарап тең утушка ээ болгон чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү | Башка адамдар менен натыйжалуу мамилелерди түзүү, достор, тааныштар жана туугандар ортосунда жылуу мамилелерди камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү |
| **Өзүн-өзү уюштур у жана пробле маларды чечүү** | Өзүнүн иш-аракеттери жана чечимдери коомдук ченемдерге, социалдык жана экономикалык институттарга кандайча ылайыкташарын түшүнүүгө адамдын жөндөмдүүлүгү | Керектөөлөрдү жана чектөөлөрдү аңдап-түшүнүү менен өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо. | Турмуштук пландар менен долбоорлорду түзүү жана ишке ашыруу |

Иштин формалары жана методдору. Иштин таанып-билүүчүлүк жана издөө активдүүлүгүнө түрткү берген, аналитикалык, изилдөөчүлүк жана коммуникативдик көндүмдөрдү, ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын жана демилгелүүлүгүн өнүктүргөн формалары менен методдоруна артыкчылык берилүүгө тийиш. Ошондуктан салттуу түрдө уюштурулган сабактардан тышкары, долбоорлоо методу боюнча иштөө (жекече же кичи топтордо); тренингдер; ролдук оюндар; мээге чабуулдар; тегерек столдор; изилдөө иштерине, дискуссияга катышуу сыяктуу окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдорун колдонуу талапка ылайык. Демократиянын терең түшүнүктөрүн жана принциптерин окуп-үйрөнүүдө окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдоруна таянуу менен, маалыматтуу, ойлоно билген, аракет кылууну билген жана каалаган жаранды тарбиялоого болот. Адептик сапаттарды өнүктүрүү үчүн өспүрүмдөрдүн социалдык мааниге ээ болгон иштерге катышуусун демилгелөө жана сыйлап кызыктыруу керек. Окуучулардын өзүн өзү башкаруусу, балдардын коомдук уюмдары лидерлик сапатка ээ болгон окуучулардын күчүн сынап көрүүгө мүмкүндүк берет.

# «АДАМ ЖАНА КООМ» ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНУ

## 1. МАЗМУНДУК СЫЗЫК
## Окуу материалынын мазмундук сызыктар жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү

### 5-класс.
### I. Социализация.

*Идентификация.* Менин кайталангыстыгым. Менин атым. Кулк-мүнөз. Эмоциялар жана сезимдер. Адамдын керектөөлөрү (муктаждыктары). Менин үй-бүлөм. Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана салттар. Коом деген эмне? Улут деген эмне? Менин Мекеним. Мамлекет деген эмне? Мамлекеттик символика

*Коммуникация жана жүрүм-турум.* Баарлашуунун алгачкы көндүмдөрү. Менин досум. Инсандын адептик сапаттары жана кылык-жоруктары. Адам өзүн жана башкаларды кантип баалайт. Мүмкүнчүлүгү чектелген жана өзгөчө муктаждыктары бар адамдарга болгон мамиле. Адептик баалуулуктар жана бузукулуктар (намыс, сарандык, ичи тардык). Үй-бүлөдөгү мамилелер. Зыяндуу адаттар (тамеки чегүү, аракечтик, баңгилик). Тартип бузуулар

*Ченемдөө (Нормалоо).* Адам коомунун эрежелери (моралдын эрежелери, мыйзамдар). Менин укуктарым

### II. Ишмердүүлүк

Окуу, эмгек, оюн, чыгармачылык. Кызматкер, кесип. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеке жана үй-бүлөлүк керектөө

### III. Жөнгө салуу

Бийлик деген эмне? Тартип бузуулар үчүн жоопкерчилик. Адилеттүү коом (эркиндик, адилеттик, милдет)

### 6-класс.
### I. Социализация.

*Идентификация.* Адамдын жашоосунун табигый чөйрөсү. Адамдын биосоциалдык табияты. Адамдын организминин мүмкүнчүлүктөрү. Ден соолук жана узак жашоо. Улуттук өзгөчөлүк. Адамдардын ортосундагы диний, социалдык, курактык айырмачылыктар. Мен, менин досторум жана коңшуларым. Мамлекет, диктатура жана демократия.

*Коммуникация жана жүрүм-турум.* Баарлашуунун алгачкы көндүмдөрү. Менин досум. Инсандын адептик сапаттары жана кылык-жоруктары. Адам өзүн жана башкаларды кантип баалайт. Мүмкүнчүлүгү чектелген жана өзгөчө муктаждыктары бар адамдарга болгон мамиле. Адептик баалуулуктар жана бузукулуктар (намыс, сарандык, ичи тардык). Үй-бүлөдөгү мамилелер. Зыяндуу адаттар (тамеки чегүү, аракечтик, баңгилик). Тартип бузуулар

*Ченемдөө (нормалоо*). Моралдык ченемдер (тыюулар, насыяттар) ички моралдык көзөмөл. Инсандын жана окуучунун укуктары менен милдеттери. Жарандардын тең укуктуулугу

### II. Ишмердүүлүк

Окуу ишмердүүлүгү. Мектеп жана окуу. Мектеп экономикасы. Жеке үй чарбачылыгы. Үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылыгы (кирешелер жана жыйып-терүүлөр, чыгымдар, үй-бүлөлүк бюджет). Үй чарбаларынын экономикалык ишмердиги. Керектөөчүлөр (керектөөлөрдүн жогорулоосу мыйзамы, сатып алуулар тууралуу чечимдерди кабыл алуу). Экологиялык керектөөлөр, «жашыл керектөө». Товарларды экологиялык маркерлөө

### III. Жөнгө салуу

Моралдык жана  юридикалык жоопкерчилик. Социалдык жана табигый чөйрөгө карата жоопкерчилик. Улуттук намысты коргоо. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо. Жеке коопсуздук (жол, укуктардын бузулушу, сот эмне үчүн керек). Мамлекеттик кооопсуздук (Мекенди коргоо, армия)

## 7-класс.

### I. Социализация.

*Идентификация.* Адамдын муктаждыктары (материалдык жана рухий), адамдын кызыкчылыктары. Адамдын мүмкүнчүлүктөрү: жөнөкөй жана көрүнүктүү (талант, генималдуулук). Өспүрүмдөрдүн баалуулуктары, турмуштук багыттары, ишенимдери. Топтор, лидерлер жана аутсайдерлер. Кылмыштуу топтор. Жергиликтүү коомчулуктар Мечит. Чиркөө. Жашаган жери (айыл, шаар, аймак). Жергиликтүү маданият. Промыселдер жана кол өнөрчүлүктөр

*Коммуникация жана жүрүм-турум.* Курбалдаштар арасындагы баарлашуу. Симпатия жана антипатия, кызматташтык жана атаандаштык, инсан аралык мамилелердеги өз ара түшүнүшүү. Башка адамдардын жүрүш-турушка, кылык-жоруктарга тийгизген таасири. Чыр-чатактар, акыл-эстүү компромисс, башкаларды түшүнө билүү. Өзүнүн «Менин» реализациялоо. Тартип бузуулар, кылмыштар, күнөөлөр. Инсанга жана менчикке каршы кылмыштар.

*Ченемдөө (нормалоо).* Топтук ченемдер жана санкциялар. Адептик-этикалык ченемдер. Бизнес-этика. Укуктук ченемдер

### II. Ишмердүүлүк

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу. Курултай. Менин шаарымдын (айылымдын) социалдык портрети жана ресурстары. Ишканалар (фирмалар). Менчик. Эмгектин бөлүнүүсү жана адистешүүсү. Өндүрүш, өндүрүмдүүлүк, технологиялар. Маркетинг. Өндүрүштү экологиялаштыруу

**III. Жөнгө салуу**

Укук тартиби. Укук коргоо органдары. Юридикалык жоопкерчилик. Айып төлөөлөр жана жазалар. Топ менен кылган кылмыштар үчүн жоопкерчилик

**8 класс.**

**I. Социализация.**

*Идентификация.* Улуттук менталитет. Кыргызстандыктардын адептик баалуулуктары. Дин рухий багыт катары. Кыргызстандын салттары жана өзүнчөлүгү. Патриоттуулук. Бакыт жана жашоонун маңызы. Үй-бүлө, нике, эрте никелер. Үй-бүлөдөгү эркек жана аял. Жаран, бийлик, демократия. Укуктук мамлекет. КР жаранынын жана адамынын укуктук статусу.

*Коммуникация жана жүрүм-турум.* Маалымат алууга болгон укук. Инсан маалымат мейкиндигинде (инсанга таасир этүү методдору, ММК таасири). Массалык маалымат каражаттары менен карым-катыштын маданияты. Жарандык жүрүм-турумдун жүйлөрү. Жарандык кылык-жорук. Билим алууга болгон жүйөлөр. Үй-бүлөдөгү мамиле, психологиялык климат, «аталар жана балдар» проблемасы

*Ченемдөө (нормалоо).* КР Конституциясы. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери. Укуктун бийлиги. Мыйзамдын алдындагы тең укуктуулук. Адам укуктарынын жалпы декларациясы. Жашоого болгон укук. Эркиндикке жана жеке кол тийгистик. Жеке жашоо эркиндиги. Дин тутуу эркиндиги. Кыймылдоо эркиндиги. Жарандын милдет

**II. Ишмердүүлүк**

Демократиялык шайлоолор. Мамлекеттин Президенти, парламенти, өкмөтү, бюджети. Сот бийлиги, прокуратура. Экономика – чарба, илим, карым-катыштар системасы. Керектөөлөр, жыргалчылыктар, өндүрүштүн факторлору, ресурстардын чектелгендиги. Экономикалык тандоо, альтернативалуу баа, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдүн ийри сызыгы. Товар, пайда, нарк, акча. Ресурстардын, товарлардын жана акчанын айлануусу. Экономикалык системалар. Рынок кантип иштейт? Суроо-талап, сунуш, рыноктук тең салмактуулук. Баалар жана инфляция

**III. Жөнгө салуу**

Жарандардын жоопкерчилиги (дисциплиналык, жарандык-укуктук, административдик, кылмыш-жаза). Жеке жашоону коргоо

**9 класс.**

**I. Социализация.**

*Идентификация.* Инсан, инсандын туруктуулугу, өзү-өзү баалоо. Маданияттуу адам. Кесиптик өзүн өзү аныктоо. Аял үй-бүлөдө жана коомдо.

Эркек үй-бүлөдө жана коомдо. Этнос. Дүйнө элдеринин руханий, этномаданий салттары. Жарандуулук. Жарандын укуктук жарамдуулугу (дееспособность). Бажы союзу. Евразиялык экономикалык союз

*Коммуникация жана жүрүм-турум.* Баарлашуу маданияты. Дискуссия маданияты. Жалпы адамзаттык баалуулуктар. Баалуулуктар жана маданияттар диалогу. Этнос аралык чыр-чатактар. Чыр-чатактарды чечүүнүн ыкмалары. Келишимдик мамилелер

*Ченемдөө (нормалоо).* БУУнун социалдык ченемдери жана эл аралык укуктук актылар. Адамдын укуктары, ар-намысы жана эркиндиктери Жарандык жоопкерчилик. КР Конституциясы. Иштиктүү этика

## II. Ишмердүүлүк

Жарандык коом, БӨУ (НПО). Саясий партиялар. Ишкердик, бизнести уюштуруу формалары, капитал. Биржа, баалуу кагаздар. Банк системасы. Өндүрүш, чыгымдар жана пайда. Атаандаштык жана монополия. Эмгек жана аны сыйлоо. Жумушчу күчү, жумушсуздук. Үй-бүлө экономикасы. Турмуш деңгээли жана жашоо минимуму. Коркунучтар (тобокелдер). Кыргызстандын экономикалык дарамети. Эл аралык соода-сатык. Бажы. Валюта. Эмгек миграция

## III. Жөнгө салуу

Үй-бүлө укугу. Экономикалык агенттердин ортосундагы талаштарды жөнгө салу. Сот акыйкаттыгы. Социалдык коргоо, жарандардын мамлекет тарабынан корголушу

## 2. ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ

## 5-КЛАСС
### (Жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)
### АДАМ ЖАНА АНЫ КУРЧАП ТУРГАН ЖАКЫНКЫ ЧӨЙРӨСҮ

**Киришүү (1 с.)**

### I. АДАМ

**1-2-тема. Мен – адам. (2 с.)**

Мен адам. Башка тирүү жандыктардан адамдын айырмасы. Адам кандай болушу керек?

**3-тема. Менин ысымым (1 с.)**

Ысымдардын келип чыгуусу. Ысымдын мааниси. Фамилия, ысым, атасынын атынын кошулуп жазылышы боюнча түшүнүк

**4-тема. Мүнөз (1 с.)**

Мүнөз боюнча түшүнүк. Адамдын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү. Темперамент.

**5-тема. Эмоция жана сезим (1 с.)**

Эмоция жана сезим деген эмне? Эмоция жана сезимдер кандай болот жана алар эмнени түшүндүрөт?

**6-тема. Адамдын муктаждыктары (1 с.)**

Адамга эмне керек? Муктаждык деген эмне? Муктаждыктын түрлөрү. Муктаждыктын келип чыгышы.

### II. ҮЙ-БҮЛӨ

**7-тема. Менин үй-бүлөм (1 с.)**

Үй-бүлө деген эмне? Үй-бүлө эмне үчүн түзүлөт? Үй-бүлөнүн коомдогу ролу. Сенин үй-бүлө мүчөлөрүң ?

**8-тема. Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана каада-салттар (1 с.)**

Үй-бүлөдөгү сыйлашуу жана түшүнүшүү. Ата-энелер менен балдардын мамилеси. Үй-бүлөдөгү ага-ини жана эже-сиң дилердин мамилеси.

**9-тема. Окуу, оюн, эмгек, чыгармачылык (1 с.)**

Окуу, оюн,эмек, чыгармачылык деген эмне?

**10-тема. Жеке жана үй-бүлөлүк керектөөлөр (1 с.)**

Жеке жана үй-бүлөлүк керектөөлөр. Аларга эмне таасир этет? Үй-бүлөлүк чарба.

### III. КООМ

**11-тема. Менин мекеним – Кыргызстан. (1 с.)**

Мекен деген эмне? Мекенге болгон сүйүү. Мекенди коргоо. Кыргыз Республикасынын байлыктары. Биздин өлкөдө жашаган элдер. Кыргызстан гүлдөп-өнүгүшү үчүн эмне кылуу керек?

**12-тема. Мамлекеттик символикалар (1 с.)**

Эмблема деген эмне? Алар эмне үчүн колдонулган? Мамлекеттик символдор. Аларга эмнелер кирет? Кыргызстандын мамлекеттик гербинин жана туусунун тарыхы. Мамлекеттик гин кайсы учурларда ырдалат?

**13-тема. Коом деген эмне? (1 с.)**

Коом деген эмне? Коомдогу адамдардын мамилеси

**14-тема. Жаран (1 с.)**

Адам – коомдун бөлүгү. Жаран деген эмне? Адам жана жаран. Адамдан жаран эмнеси менен айырмаланат? Жаран жана мамлекет. Мамлекетти башкарууга катышуу. Жарандуулук.

**15-тема. Биз ар түрдүүбүз, бирок тең укуктуубуз (1 с.)**

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жөнүндө маалыматтар. Коомдун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана алардын проблемасына болгон мамилеси.

## IV. БААРЛАШУУ

**16-тема. Баарлашуу (1 с.)**

Баарлашуу деген эмне? Адам жалгыздыкта жашай алабы? Баарлашуунун каражаты жана маданияты.

**17-тема. Менин досум (1 с.)**

Достук деген эмне? Дос деген ким? Дос эмне үчүн керек.

**18-19-темалар. Инсандын адеп-ахлактык сапаттары жана иш-аракеттери (2 с.)**

Адамдын адеп-ахлактык сапаттары деген эмне? Адамдын кадыр-баркы жана кемчиликтер? Иш-аракеттер кандай болот?

## V. АДАМДЫН ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ.

**20-21-темалар. Коомдогу жүрүш-туруш эрежелери (2 с.)**

Коомдо өзүн алып жүрүү. Морал жана укук. Менин укуктарымжана милдеттерим. «Балдарды укугу жөнүндөгү конвенция»

**22-23-темалар. Балдардын укук бузуулары жана жоопкерчилиги (2 с.)**

Укук бузу түшүнүгү. Укук бузуунун түрлөрү жана жоопкерчилик.

**24-тема. Кесиптер (1 с.)**

Кесип деген эмне? Кесип эмне үчүн керек? Кесиптер кандай болот? Сен ким болгуң келет?

**25-тема. Акыйкат коом (1 с.)**

Акыйкат коом деген эмне? Эркиндик, акыйкаттык, инсандык парз. Акыйкат коомду кантип түзүш керек?

**Мугалимдин резерви – 8 с.**

## 6-КЛАСС
## (Жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)
## АДАМ, АНЫН КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМЧУЛУКТАР

**Киришүү (1 с.)**

### I. АДАМ

**1-тема. Адамдын жашоо чөйрөсү (1 с.)**

Адам жанан анын жашоо чөйрөсү. Адам үчүн түзүлгөн шарттардын классификациясы. Ың гайлуу шарт деген эмне?

**2-тема. Адамдын биосоциалдык жаратылышы (1 с.)**

Адам биосоциалдык жандык катары. Түшүнүктөрдүн калыптануусу. Ой-жүгүртүү жана кептин түрлөрү, өнүгүүсүнүн факторлору.

**3-4-темалар. Адамдын организминин мүмкүнчүлүктөрү (2 с.)**

Адамдын жашоосунун маңызы эмнеде? Адамдын укмуштуу мүмкүнчүлүктөрү. Дени сак жашоо. Чың ден-соолуктун жана узак өмүр сүрүүнүн шарттары. Зыяндуу адаттар жана алардын кесепеттери.

**5-тема. Жеке коопсуздук (1 с.)**

Жеке коопсуздук деген эмне? Үйдөгү жана көчөдөгү жеке коопсуздук.

### II. КООМ

**6-тема. Коомдогу үй-бүлөнүн ролу (1 с.)**

Үй-бүлөнүн баланы тарбиялоого болгон таасири. Үй-бүлөнүн проблемалары. Кароосуз калган балдарга болгон мамлекеттин камкордугу. Коом менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттенүүсү.

**7-тема. Улуттук өзгөчөлүктөр (1 с.)**

Улуттук өзгөчөлүктөр деген эмне? Кыргызстанда жашаган улуттар.

**8-тема. Мен, менин досторум жана кошуналар (1 с.)**

Ар түрдүү жаштагы балдардын өзгөчөлүктөрү. Адамдын жашоосундагы достуктун ролу. Кошуналар менен өз ара мамиле.

**9-тема. Мектеп жана окуучу (1 с.)**

Мектепте эмнеге окутат? Адамдын жашоосундагы мектептин ролу.

**10-тема. Окуучунун укугу жана милдеттери (1 с.)**

Окуучунун укугу жана милдеттери. Мектепте өзүн алып жүрүү.

**11-тема. Коомдогу социалдык ар түрдүүлүк (1 с.)**

Коомдун социалдык түзүлүшү. Ата менен балдардын мамилеси

### III. КООМДУН АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

**12-13-темалар. Коомдун адеп-ахлактык баалуулуктары (2 с.)**

Абийир, кадыр-барк деген эмне? Боорукерлик жана гумандуулук деген эмне? Сүйүү жана кайрымдуулук деген эмне?

**14-тема. Коомдогу дин (1 с.)**

Дин деген эмне? Дүйнөлүк диндер жана алардын адамга болгон таасири.

**15-16-темалар. Морал жана укук (2 с.)**

Морал деген эмне? Укук деген эмне? Моралдын функциялары. Адеп-ахлак деген эмне? Адеп-ахлактын алтын эрежелери.

## IV. МАМЛЕКЕТ

**17-18-темалар. Мамлектет, анын түрлөрү жана формалары (2 с.)**

Мамлекет деген эмне? Мамлекеттин функциялары. Монархия, республика, демократия.

**19-тема. Мекенди коргоо (1 с.)**

Мекенди коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясында эмнелер жазылган? Мекенди кимдер коргойт?

**20-тема. Жарандардын тең укуктуулугу (1 с.)**

Жаран деген ким? Жарандын негизги укуктары жана милдеттери. Моралдык жана юридикалык жоопкерчилик.

**21-тема. Кыргызстандагы элдердин улуттук өзгөчөлүктөрү (1 с.)**

Кыргызстан – көп улуттуу мамлекет. Кыргызстандын элдеринин маданияты.

**22-тема. Айлана-чөйрөнү коргоо (1 с.)**

Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мыйзам. Кыргызстандагы коруктар. Кызыл китеп. Кыргызстандын жаратылышын сактоого кошкон сенин салымың .

**23-тема. Мамлекеттик мүлктү сактоо жана өнүктүрүү (1 с.)**

Мамлекеттик мүлк деген эмне? Аймак, жаратылыш ресурстары, тарыхый эстеликтер. Кыргызстандын атактуу адамдары.

## V. ЭКОНОМИКА

**24-тема. Мамлекет жана экономика (1 с.)**

Экономика деген эмне? Коомдун жашоосундагы экономиканын ролу. Үй-бүлөнүн экономикасы. Үй-бүлөлүк бюджет деген эмне? Киреше жана чыгаша деген эмне? «Сактык кассасы», «Чөнтөк акчалары».

**25-26-темалар. Үй-бүлөнүн материалдык абалы (2 с.)**

Үй-бүлөлүк чарба. Үй-бүлөлүк кирешенин булактары. Үй-бүлөлүк бюджет

**27-тема. Керектөө маданияты (1 с.)**

Керектөөчү деген ким? Адамдын керектөөлөрү. Керектөөнүн экологиясы. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо.

**Мугалимдин резерви – 6 с.**

## 7-КЛАСС
## (Жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)
## АДАМ, КООМ ЖАНА МАМЛЕКЕТ.

**Киришүү (1 с.)**

### I. АДАМ

**1-тема. Адамдын мүмкүнчүлүктөрү (1 с.)**

Таланттын билинүүсү жана анын келечекке тийгизген таасири. Таланттын өзгөчөлүктөрү. Адамдын тарбиясы жана өзүн-өзү тарбиялоосу. Адамдын керектөөлөрү жана кызыкчылыктары. Материалдык жана руханий кызыкчылыктар. Мүнөздүн калыптануусу. Адамдын турмуштук багыты.

**2-тема. Өспүрүмдөр ортосундагы баарлашуу (1 с.)**

Баарлашуу деген эмне? Чоң дор менен баарлашуу. Өзүнүн курдаштары менен баарлашуу. Симпатия жана антипатия деген эмне? Кызматташуу, атаандашуу, инсан аралык мамилелердеги өз ара түшүнүшүү.

**3-тема. Өспүрүмдүн баалуулуктарынын иерархиясы (1 с.)**

Өспүрүмдөрдүн баалуулуктарына эмнелер кирет? Ишенимдер жана турмуштук багыттар. Өспүрүмдүн баалуулуктарын калыптандырууда чоң дордун таасири. Интернет жана виртуалдык жашоо. Социалдык тармактар.

### II. КООМ

**4-тема. Жергиликтүү маданият. Жашаган жер (1 с.)**

Элдик маданият жана адистик маданият. Кыргызстандын элдеринин жашоо образынын каада-салттарда чагылышы. Кыргызстанды жердеген элдердин улуттук маданияты. Менин жашаган жерим. Менин айылымдын, шаарымдын өнүгүүсү. Жашаган жеринин өзгөчөлүктөрү тууралуу аң гемелешүү

**5-тема. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана жергиликтүү коомчулук (1 с.)**

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун ишмердүүлүгү. Жергиликтүү коомчулуктар. Мечит, чиркөө. Жергиликтүү башкаруунун жана жергиликтүү коомчулуктун функциялары жана мааниси.

**6-тема. Менин айылымдын (шаарымдын) социалдык портрети (1 с.)**

Менин айылымдын (шаарымдын) социалдык портрети. Менин айылымдын (шаарымдын) ресурстары

**7-тема. Адеп-ахлактык нормалар (1 с.)**

Адеп-ахлактык нормалар деген эмне? Алар кандай болот?

**8-тема. Топтор, лидерлер жана аутсайдерлер (1 с.)**

Кичи топ деген эмне? Адам бейформал топто. Лидерлик түшүнүгү. Лидерлик сапаттарды өнүктүрүү. Аутсайдеры. Кылмыштуу топторго эмнелер кирет? Кылмыштуу топтордун түзүлүшү. Алардын коомго таасири.

**9-тема. Конфликттер жана компромисс (1 с.)**

Жүрүш-турушка жана иш-аракетке башка адамдардын таасири. Жүрүш-туруштун мотивдери. Конфликттер, алардын ар түрдүүлүгү. Акылдуу компромисс, башкаларды түшүнүү жана конфликтти токтотуу жөндөмдүүлүгү.

## III. МАМЛЕКЕТ

**10-тема. Коомдук тартип. Укук коргоо ограндары (1 с.)**

Коомдук тартипке эмнелер кирет? Укук коргоочу органдардын функциялары. Эмне үчүн адам юридикалык жоопкерчиликке тартылат? Юридикалык жоопкерчилик түшүнүгү, принциптери жана анын өзгөчөлүктөрү

**11-тема. Укуктук нормалар (1 с.)**

Укук нормасы, анын өзгөчөлүктөрү. Нормативдик-укуктук актылар.

**12-тема. Укук бузу, кылмыш, күнөө (1 с.)**

Укук бузуунун түрлөрү кандай болот? Укук бузуунун себептери, натыйжалары. Укук бузуулар менен күрөш.

**13-тема. Инсанга жана жеке менчикке каршы кылмыш (1 с.)**

Инсанга каршы кылмыш деген эмне? Өмүргө жана ден-соолукка каршы кылмыш. Жеке менчикке каршы кылмыш деген эмне? Юридикалык жоопкерчилик.

**14-тема. Топтук нормалар жана чаралар (1ч)**

Айыптоо жана жазалоо деген эмне? Анын түрлөрү. Топтук кылмыш үчүн жоопкерчилик. Топтук нормалар жана чаралар деген эмне? Коомдо кандай топтор бар? Адам топто кандай ролойнойт? Адамга карата топ кандай чараларды көрө алат?

## IV. ЭКОНОМИКА

**15-тема. Ишкердик этикасы (1 с.)**

Бизнес-этика деген эмне? Ал эмне үчүн керек? Ишкердик этика

**16-тема. Ишканалар (фирмы) (1 с.)**

Ишкана деген эмне? Анын түрлөрү. Ишканалар эмне үчүн түзүлөт? Жеке менчик анын түрлөрү. Эмгектин бөлүнүшү жана адистештирүү

**17-тема. Ишкананын өндүрүмдүүлүгү жана экологиялаштыруу (1 с.)**

Өндүрүш, өндүрүмдүүлүк, технологиялар. Маркетинг. Экологиялаштыруу

**18-тема. Чарбалык ишмердүүлүк жана шаардын экологиясы (1 с.)**

Маркетинг. Чарбалык ишемрдүүлүк жана шаардын экологиясы

**19-тема. Кол өнөрчүлүк (1 с.)**

Кол өнөрчүлүк деген эмне? Анын түрлөрү

**Мугалимдин резерви – 14 с.**

## 8-КЛАСС
## (Жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)
## АДАМ ЖАНА ДҮЙНӨ

**Киришүү (1 с.)**

## I. АДАМ

**1-тема.** Улуттук **менталитет (1 с.)**

Кыргызстандыктардын адеп-ахлактык баалуулуктары. Каада-салттардын өзгөчөлүктөрү

**2-тема**. **Патриотизм. Бакыт жана жашоонун маңызы (1 с.)**

Патриотизм деген эмне? Патриотизм кайсы учурларда көрүнөт? Бакыт деген эмне? Жашоонун маңызы эмнеде?

**3-тема. Дин руханий багыт катары (1 с.)**

Дин деген эмне? Диндин элементтери, баштапкы формалары. Заманбап дүйнөдөгү диндин ролу. Диндин көп түрдүүлүгү. Дин тутуу эркиндиги

**4-тема. Үй-бүлө, нике, эртте никелешүү (1 с.)**

Үй-бүлө. Эмне үчүн никеге турушат? Үй-бүлөдөгү эркектин жана аялдын ролу. Үй-бүлөдөгү мамиле, аталар менен балдардын ортосундагы проблема.

**5-тема. Жаран, бийлик, демократия (1 с.)**

Жаран деген ким? Жарандык укуктары жана милдеттери. Демократия түшүнүгү. Принциптери жана өзгөчөлүктөрү. Жарандык жүрүш-туруштун мотивдери. Жарандык парз, милдет

**6-тема. Билим алууга болгон мотив (1 с.)**

Билим эмне үчүн керек? Билим алууга болгон мотив. Билим адамдын коомго ыңгайлашуусуна кандайча жардам берет? Билимдүү жана билимсиз адам

## II. МАМЛЕКЕТ

**7-тема. Укуктук мамлекет (1с.)**

Укуктук мамлекет түшүнүгү. Мыйзамдын үстөмдүгү. Адам укуктарынын жана эркиндигинин кепилдиги. Мамлекет менен жарандын ортосундагы өз ара милдеттүүлүк. Жеке менчикти укуктук коргоо. Укуктун үстөмдүгү. Мыйзам алдындагы теңдик.

**8-тема. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (1 с.)**

Конституция деген эмне? Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаралуу тарыхы. Конституциянын түзүлүшү.

**9-тема. Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктук статусу (1 с.)**

Адамдын жана жарандын укуктук статусу. Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген адамдын жана жарандын укукутарынын жана милдеттеринин системасы.

**10-тема. Маалыматка болгон укук (1 с.)**

ММК деген эмне? Алардын коомдогу ролу. ММКнын инсанга таасир берүүчү методдору. Интернеттин инсандын өнүгүүсүнө тийгизген таасири. Инсан маалымат мейкиндигинде: оң жана терс таасирлери

**11-тема. Жарандардын жоопкерчилиги (1 с.)**

Жарандын жоопкерчилиги: дисциплинардык, жарандык укуктук, административдик, кылмыштык. Жеке жашоону коргоо. Жашоо коопсуздугу жана өмүрдү коргоо укугу. Ар бир адам кол тийбестикке ээ.

**12-тема. Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1 с.)**

Адам укуктарынын жалпы декларациясы кандай документ?

**13-тема. Демократиялык шайлоолор (1 с.)**

Шайлоо деген эмне? Эмне үчүн шайлоого барабыз? Шайлоочу катары менен кызыкчылыгым

**14-тема. Президент (1 с.)**

Президенттин негизги функциялары. Президентти шайлоонун тартиби. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген Президенттин ыйгарым укуктары.

**15-тема. Бийликтин үч бутагы (1 с.)**

Парламент. Өкмөт. Мамлекеттин бийлиги. Сот бийлиги, прокуратура. Адвокаттык ишмердүүлүк.

## III. ЭКОНОМИКА

**16-тема. Экономика – чарба, илим, мамилелер системасы (1 с.)**

Экономикалык тандоо, альтернативдүү баа, өндүрүштөгү мүмкүнчүлүктөр

**17-тема. Экономикалык системалар (1 с.)**

Экономикалык система. Типтери.

**18-тема. Экономикалык мамилелер (1 с.)**

Керектөөлөр, өндүрүүнүн факторлору, ресурстардын чектелгендиги. Товар түшүнүгү. Товар, керектүүлүк, баа, акча. Ресурстарды, товарларды жана акчаны айлантуу.

**19-тема. Базар кантип иштейт? (1 с.)**

Базар. Базарлардын типтери жана түрлөрү. Базардын нормалдуу иштешинин шарттары. Суроо-талап жана сунуштардын мыйзамы. Баалуу эмес суроо-талап жана сунуштар. Базардагы тең салмактуулук. Баалар жана инфляция. Инфляциянын түрлөрү

**Мугалимдин резерви – 14 с.**

## 9-КЛАСС
## (Жумасына 1 саат, жалпы 34 саат)
## АДАМ ЖАНА ДҮЙНӨ

**Киришүү (1 с.)**

### I. АДАМ

**1-тема. Инсан, инсандын туруктуулугу, өзүн-өзү баалоо (1 с.)**

Инсандын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү. Мен киммин – менин ролум коомчулукта, мамлекетте, дүйнөдө. Абийир жана кадыр-барк жөнүндө. Инсандын туруктуулугу жана өзүн-өзү баалоосу. Инсан жана анын иш-аракеттери.

**2-тема. Маданияттуу адам (1 с.)**

Маданият деген эмне? Менин ички, руханий жана сырткы дүйнөмдүн көрүнүшү. Баарлашуу маданияты: расмий жана расмий эмес. Улуттар аралык баарлашуу маданияты.

**3-тема. Адистикти тандоо (1 с.)**

Адистикти тандоо деген эмне? Окуучулардын инсан катары адистикти тандоосу.

### II. КООМ

**4-тема. Эркек жана аял үй-бүлөдө жана коомдо (1 с.)**

Эркек менен аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролу. Заманбап коомдогу эркек менен аялдын социалдык ролу. Үй-бүлөлүк экономика. Киреше жана чыгаша. Үй-бүлөлүк кирешенин булактары. Үй-бүлөлүк бюджетти пландаштыруу

**5-тема. Этнос (1ч)**

Этнос деген эмне? Этникалык коомчулуктун түзүлүүсүнүн башаттары. Улут. Улуттар аралык мамиле.

**6-тема. Дүйнөлүк элдердин руханий, этномаданий каада-салттары (1с.)**

Руханий маданият деген эмне? Этномаданий каада-салттар. Кыргызстандын каада-салттары.

**7-тема. Жалпы адамзаттык баалуулуктар (1 с.)**

Баалуулук түшүнүгү. Руханий, адептик баалуулуктар. Бардык адамдар үчүн маанилүү болгон баалуулуктар. Абсолюттук стандарт катары алынган жалпы адамзаттык моралдык баалуулуктар. Маданияттар аралык диалог. Маданияттар аралык байланыш.

**8-тема. Конфликттик мамилелер (1 с.)**

Конфликт түшүнүгү. Конфликтте өзүн алып жүрүү жана аны чечүүнүн жолдору. Толеранттуулук. Улуттар аралык конфликттин себептери жана натыйжалары. Келишим түшүнүгү. Жарандык-укуктук келишимдер

**9-тема. Социалдык нормалар (1 с.)**

Социалдык нормалар деген эмне? Адамдардын жүрүш-турушун социалдык нормалар аркылуу жөнгө салуунун жолдору. Социалдык нормлардын түрлөрү. Ишкердик этика. Корпоративдик маданият. Расмий жана расмий эмес өкүлчүлүк. Жүрүш-туруш адеби.

## III. ГОСУДАРСТВО

**10-тема. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (1 с.)**

Конституциянын незги жоболору. Адам укуктары жана эркиндиги. Мамлекеттик бийлик. Мыйзам чыгаруучу ишмердүүлүк.

**11-тема. Жарандык (1 с.)**

Жарандык деген эмне? Кыргыз Республикасынын жарандыгы жана анын принциптери. Жарандыкка ээ болуу жана жарандыкты алып таштоонун негиздери. Адам укуктары, кадыр-баркы жана эркиндиги. Адам укугу деген эмне? Адам укугунун белгилери.

**12-тема. Жарандын укутуулугу жана кубаттуулугу (1 с.)**

Жарандык укуктуулугу жана кубаттуулугу. Мамлекет тарабынан социалдык жардам.

**13-тема. Үй-бүлөлүк укук (1 с.)**

Үй-бүлөлүк укук деген эмне? Жубайлардын мамилелерин укуктук жөнгө салуу. Жубайлардын жеке жана мал-мүлккө болгон укугу жана милдеттери. Нике келишими. Никеге туруунун жана ажырашуунун тартиби.

**14-тема. Жарандык жоопкерчилик (1 с.)**

Жарандык жоопкерчиликтин формалары жана түрлөрү. Жарандык жоопкерчиликтин функциялары. Адилеттүү сот түшүнүгү.

**15-тема. Жарандык коом (1 с.)**

Жарандык коом деген эмне? Жарандык коомдун институттары. Саясий партиялар. Мамлекеттик эмес уюмдардын ишмердүүлүгү. Мамлекет тарабынан жарандарды социалдык коргоо.

**16-тема. БУУ жана эл аралык укуктук актылар (1 с.)**

БУУнун структурасы. Эл аралык укуктук актылар деген эмне? Алардын тизмеси.

## IV. ЭКОНОМИКА

**17-тема. Ишкердик (1 с.)**

Ишкердик деген эмне? Ишкердиктин капиталы. Өндүрүш, кармалуулар жана киреше. Бизнестин ар түрдүүлүгү. Бизнести уюштуруунун формасы. Бизнести финансылоо. Конкуренция жана монополия. Экономикалык агенттер ортосундагы талашты жөнгө салуу.

**18-тема. Ишкердик капитал (1 с.)**

Ишкердик капитал түшүнүгү. Бизнести финансылоонун булактары. Ишкердик каптиталды калыптандыруу. Ага эмнелер кирет? Биржа. Баалуу кагаздардын негизги түрлөрү. Банк системасы жана анын түзүлүшү. Валюта.

**19-тема. Өндүрүш, кармалуулар жана киреше (1 с.)**

Өндүрүштөгү кармалуулар алардын түрлөрү. Экономикалык киреше. Бухгалтердик киреше. «Тобокелчилик» түшүнүгү. Страховкалык тобокелчилик.

**20-тема. Эмгек жанан сыйлык (1 с.)**

Эмгек, жумушсуздук, жумушчу күчү. Жумушсуздуктун келип чыгуусунун себептери. Мамлекет тарабынан жумушсуздукту жоюу боюнча негизги багыттар. Эмгек миграциясы. Этникалык мигранттардын проблемасы.

**21-тема. Жашоо деңгээли (1 с.)**

Жашоо деңгээли жана жашоо минимуму деген эмне? Кыргызстандагы жашоо деңгээли жана жашоо минимуму.

**22-тема. Кыргызстандын экономикалык потенциалы (1 с.)**

Экономикалык потенциал деген эмне? Анын түрлөрү.

**23-тема. Эл аралык соода (1 с.)**

Эл аралык соода деген эмне? Эл аралык сооданын өнүгүүсү жана структурасы. Бажы союзу жана анын соодадагы ролу. Евразиялык экономикалык союз. Кыргызстандын өнүгүүсүнө анын таасири.

**Мугалимдин резерви – 11 с.**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР.

### 5-класс

- Ысымы, улуту, белгилүү бир урукка өзүнүн тиешелүүлүгү боюнча идентификациялайт, өзүнүн жана башка адамдардын кайталангыстыгын баалайт;
- «Жаран», «мекендин татыктуу уулу», «коом», «улут» түшүнүктөрүнүн маанисин ачып берет;
- Мамлекеттик символикаларды: желек, герб, гимн сыпаттайт;
- Үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана салттарды, ар бир адамдын турмушундагы үй-бүлөнүн ролун сыпаттайт, өзүнүн үй-бүлөсүнүн генеалогиялык тамырлары тууралуу түшүнүктөргө ээ болот;
- Моралдык ченемдер кантип пайда болгонун, алар мыйзамдардан эмнеси менен айырмаланарын түшүндүрүп берет;
- Ар түрдүү адамдардын кулк-мүнөзүн, адамдын жүрүм-турумунда акылдын, эрктин, мүнөздөрдүн ролун сыпаттайт;
- Достукта эң негизги нерсе эмне экенин аныктайт, классташтары менен достук мамилесин көрсөтөт;
- Өзүнүн жана башка адамдардын жүрүм-турумундагы жана кылык-жоруктарындагы намыстын жана кадыр-барктын, сараңдыктын жана ичи тардыктын көрүнүштөрүн көрсөтүп, мүнөздөп берет;
- Адамдын руханий жана материалдык керектөөлөрүн мүнөздөп берет;
- Башка элдердин салттары менен үрп-адаттарын окуп-үйрөнүүнүн маанисин аңдап түшүнөт;
- Өз үй-бүлөсүнүн, туугандарынын жана тааныштарынын кесиптерин, өзү жана үй-бүлөсү пайдаланган товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомун сыпаттап берет;
- Өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн, эс алуусун жана бош убактысын уюштурат, өзүнүн чыгармачылык иштерин көрсөтөт;
- Тартип бузуу деген эмне экенин түшүндүрүп берет, тартип бузуулар үчүн жоопкерчиликтин түрлөрүн ажыратат;
- Тамеки чегүүнүн, аракечтиктин, баңгиликтин кесепеттерин түшүндүрүп берет, бул заяндуу адаттар боюнча өзүнүн жеке пикирин билдирет;
- Өзүнүн укуктарын, адилеттүү коомдун негизги белгилерин сыпаттайт.

### 6-класс

- Жаратылыштын адам үчүн маанисин ачып берет, жаратылышка болгон камкор мамиле – адамдын жана жарандын нравалык милдети экенин түшүнөт;
- Адамды адам кылган эмне экенин түшүндүрөт, адам организминин мүмкүнчүлүктөрүн сыпаттайт;
- Өзүнүн жана башка адамдардын жүрүш-турушун жана кылык-жоруктарын адептик, жакшылык менен жамандыктын позициясынан баалайт;

- Иш-аракеттерди мораль тарабынан айыпталгандарга жана мыйзам менен жазалангандарга бөлүштүрөт;

- Коомдогу диний, социалдык, курактык айырмачылыктарды сыпаттайт, алардын улуттук өзгөчөлүктөрүнүн белгилерин аныктайт;

- Диктатура менен демократиянын ортосундагы айырмачылыктарды мүнөздөйт;

- Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча өзүнүн иш-аракеттерин пландайт, өзүнүн мектеп турмушуна катышуусуна баа берет, жүрүм-турумдагы жана окуудагы жеке жоопкерчилигин далилдейт;

- Мектептин коммуналдык мейкиндиги, мектеп турмушунун экономикалык аспектилери, мектепте эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу айтып берет;

- Адамдын ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн, киреше булактарын, чогултуунун ыкмаларын жана үй чарбачылыгынын чыгымдарын сыпаттап, үй-бүлөлүк бюджетти эсептейт;

- Маданият аралык толеранттуулук баарлашуу маданиятынын негизги принциби экендиги тууралуу бүтүмдөрдү чыгарат, кеп этикетинин эрежелерин, жакшы манераларды, меймандостук мыйзамдарын мүнөздөйт;

- Өмүр-өлүм маселелери боюнча өз оюн билдирет, өмүр – баалуулук экенин, өз өмүрүнө, ден-соолугуна жоопкерчилик менен мамиле кылуу керектигин, зыяндуу адаттар ден соолукка кандай таасир тийгизерин түшүнөт;

- Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенцияга, өлкөнүн Конституциясына, КР Үй-бүлө Кодексине ылайык баланын укуктарын санап берет;

- Тиешелүү мыйзамдардын негизинде жашыл тилкелерди, парктар менен токойлорду пайдаланууга жана коргоого, бүткүл дүйнөлүк маданий жана табигый мурастарды сактоого байланыштуу маселелерди ачып берет;

- Күндөлүк турмушунда адамдар жашап турган чөйрөсүнө кантип зыян келтиргенине баа берет, «жашыл колдонуунун» маңызын түшүнөт, товарларды экологиялык маркерлөө тууралуу маалыматтарды сунуштайт;

- Укуктар качан бузуларын, жеке жана мамлекеттик коопсуздукка коркунуч тууларын аныктайт, бул маанилүү маселелерди ким жана кантип чечерин түшүндүрөт

**7-класс**

- Керектөөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды, адамдын мүмкүнчүлүктөрүн мүнөздөп берет, өзүнүн керектөөлөрү менен мүмкүнчүлүктөрүн баалайт;

- Өспүрүмдөрдүн баалуулук ориентациялрындагы артыкчылыктарды аныктайт жана аргументтейт;

- Жергиликтүү кооомчулук кандай түзүлгөнүн жана кызмат аткарарын аныктайт, жергиликтүү маданияттын өзгөчөлүктөрү;

- Жүрүм-турумдун топтук адептик-этикалык, укуктук ченемдер, иштиктүү этика менен жөнгө салынуучу типтерин талдоого алат;

- Класстагы, үй-бүлөдөгү, курбалдаштар жамаатындагы өзүнүн ролун жана өз ара мамилелердеги көйгөйлөрдү аныктайт;

- Инсан аралык достук мамилелердин түзүлүшүндө антипатия жана симпатия, кызматташтык жана атаандаштык кандай роль ойнорун, башка адамдар өзүнүн жүрүм-турумуна жана кылык-жоруктарына кандай таасир тийгизе турганын түшүнөт;

- Өз ара түшүнүшүүү кандай принциптерге негизделерин, чыр-чатактуу кырдаалдарда кандай жүрүм-турум ылайыктуу, кандай ылайыксыз экенин түшүнөт;

- Ар-намыс жана кадыр-баркка, жыныстык кол тийбестикке, ден соолук жана өмүргө каршы багытталган жүрүм-турум типтерин талдоого алат;

- Өз шаарындагы (айылындагы) ишканалардын ресурстарын, ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн жана типтерин аныктайт, аларды ыктымалдуу иш берүүчүлөр же керектөөчүлөр үчүн товарларды өндүрүүчүлөр катары талдоого алат;

- Өндүрүш процессинин механизмдерин, эмгектин бөлүнүшүн жана адистешүүсүн, маркетингди, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда жаңы технологиялардын ролун түшүнөт;

- Өз жеринин экологиялык көйгөйлөрүнүн себептерин ачып берет, өндүрүштү экологиялаштыруу деген эмне экенине түшүндүрмө берет;

- Турмуштук пландарды долбоорлоо аркылуу өзүн-өзү аныктоого жана өзүн-өзү реализациялоого умтулуусун көрсөтөт;

- Тартип бузуу менен кылмыштын ортосундагы айырмачылыкты, күнөө деген эмне экенин түшүндүрөт, тартип бузуучунун потенциалдуу белгилерин (аморалдык жүрүш-туруш, руханийсиздик, жазаланбагандык) аныктайт;

- Өз кооомчулугундагы укук тартибинин сактылышына баа берет, «укук тартиби» менен «коомдук тартиптин» ортосундагы айырмачылыкты көрсөтөт;

- Милиция менен сот акыйкатынын ортосундагы айырмачылыкты, жашы жете электердин иштери боюнча соттун ролун түшүндүрөт;

- Шылдыңдоо жана жалаа жабуунун айырмачылыгы жана окшоштугу эмнеде экенин, бейбаштык деген эмне экенин, адам уурдоо үчүн жоопкерчиликтин чени кандай экенин, жашы жете электер уурдоого каршы кандай сактануу чараларын көрүшү керектигин түшүндүрүп берет;

- Акча, мүлккө опуза талап болгон учурда эмне кылуу керектигин, опуза талап үчүн кандай кылмыш жазасы болорун түшүндүрүп берет.

## 8-класс

- Кыргызстандын өзүнчөлүгү эмнеде экенин түшүндүрүп берет, кыргызстандыктардын адептик баалуулуктарын жана руханий ориентирлерин, улуттук тарыхты, маданиятты, тилди жана салттарды сыйлоону талдоого алат;

- Маданият аралык толеранттуулукту адам укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон баалуулук катары түшүндүрөт, терс аяктыктын (агрессивдүү

улутчулдук, диний фанатизм, диний терсаяктык) социалдык көрүнүштөрүн сыпаттайт;

- Жеке жана кызматтык бийликтин айырмачылыгын түшүндүрөт, авторитаризм деген эмне, авторитардык бийлик, демократиялык бийлик, демократиянын маңызы эмнеде экендигин сыппатайт;

- Адамдын жарандык сапаттарын, алар иш-аракеттерде кандайча байкаларын, жарандык иш-аракет кадимки иш-аракеттерден эмнеси менен айырмаланарын аныктайт;

- Өз жашоосундагы билим берүүнүн маанисине баа берет, көрүнүктүү адамдардын айткандарын талдоого алат, адам бактыга жана жашоонун маңызына жетиш үчүн эмне кылуусу керектиги боюнча өз пикирин билдирет;

- Үй-бүлөдөгү карым-катыштардын тибин, азыркы этапта «аталар» жана «балдар» проблемасы эмнеде экенин талдоого алат, үй-бүлөдөгү идеалдуу карым-катыштардын моделин түзөт;

- «Укуктун бийлиги» туюнтмасын, адам укугу деген эмне экенин, мамлекет жарандардын укуктарын кантип камсыздарын чечмелеп, КР Конституциясы боюнча жарандын милдеттерин түшүндүрүп берет;

- Демократиялык шайлоолор кандай болуш керектигин, шайлоочулардын кызыкчылыктары эмнеде экендигин, адамдар эмне үчүн шайлоолорго катышууга тийиш экендигин талдоого алат;

- Президенттин, парламенттин, өкмөттүн негизги милдеттерин, мамлекеттик бюджет деген эмне экенин, мамлекеттин кирешелери кайдан келип чыгарын жана алар кандай жумшаларын түшүндүрүп берет;

- Керектөөлөрдүн, жыргалчылыктардын, өндүрүш факторлорунун ортосундагы айырмачылыктарды, чектелгендик көйгөйүнүн, экономиканын негизги маселелеринин, экономикалык тандап алуунун маңызын түшүндүрөт;

- Товар, пайдалуулук, нарк, сейректик, чыгымдар, суроо-талап, сунуш, баа түшүнүктөрү өз ара кандай карым-катышта экенин аныктайт, акчанын түрлөрүн жана функцияларын көрсөтүп берет;

- Ресурстардын, товарлардын, акчанын айлануу схемасын сыпаттайт, экономикалык системалардын типтерин салыштырат;

- Рыноктун иштөө механизмдерин, суроо-талап жана сунуш мыйзамдарын, суроо-талаптын өзгөрүшүнө кандай факторлор таасир тийгизерин, базар баасы кандайча түзүлөрүн, инфляция деген эмне экенин түшүндүрүп берет;

- Рационалду жүрүм-турум эрежелерин талдоого алат, конкреттүү мисалдардын негизинде альтернативалуу наркты эсептеп чыгарат, сабаттуу чечимдерди кабыл алуу үчүн экономикалык моделдерди пайдаланат;

- Мамлекет эмне үчүн жана кантип үй-бүлө-нике мамилелерин жөнгө салууга катышарын талкуулайт;

- Кандай мамлекет укуктук болуп саналарын, укуктук мамлекетте кандай иш-аракеттер аткарыла турганын, ал эми мыйзамдын бийлиги болбогон мамлекетте кандай иш-аракеттер аткарыларын аныктайт;

- Сот акыйкатынын жана прокуратуранын ишмердүүлүгүн эмне түзөрүн, эмне үчүн Конституцияда соттун көз карандысыздыгы көрсөтүлгөнүн түшүндүрүп берет;

- Инсанга маалыматтык таасир этүүнүн кандай методдору бар экенин, адамга ММК кандай таасир тийгизерин аныктайт.

**9-класс**

- «Этнос» жана «улут» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты түшүндүрөт, Кыргыз Республикасынын калкынын этникалык курамын талдайт, коомдун этникалык жана маданий көп түрдүүлүгүнө баа берет;

- Жарандардын «укуктук жарамдуулугу» жана «жарамдуулугу» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты түшүндүрөт, 6дан 14 жашка чейинки жаш балдардын толук эмес жарамдуулугу деген эмне, Кыргызстандын жаранынын укуктук активдүүлүгүн талдоого алат;

- Адамдын жарандык (жеке) укуктары менен эркиндиктеринин маанисин түшүндүрөт, кандай укуктар саясий укуктар болуп эсептелет, алар эмнени билдирет, жеке жана саясий укуктар өз ара кандай байланышкан, жарандуулукка болгон укук деген эмне экендигин түшүндүрүп берет;

- Адам укуктарынын жалпы декларациясын талдоого алат, социалдык, экономикалык, маданий укуктарды айырмалайт, адам укуктарынын глобалдык дүйнөдөгү маанисин түшүндүрөт;

- Эмне үчүн коомдо активдүү болуу керек экендгин түшүндүрөт, активдүү жарандык позицияны чечмелеп, демократиялык жарандын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт;

- Коомдун коомдук, саясий, экономикалык турмушундагы маалыматтын, ММК, интернеттин ролун түшүндүрөт, өз Мекенинин жана дүйнөнүн саясатында эмнелер болуп жаткан билүүнүн эмне үчүн кереги бар, коомдук пикир деген эмне экендигин сыпаттайт;

- «Адам» жана «Инсан» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты, адамдын ички жана сырткы маданияты кайсы белгилери боюнча аныкталарын түшүнөт, өзүнүн инсанын өнүктүрүүнүн жана кесиптик өзүн-өзү аныктоонун турмуштук планын долбоорлойт;

- Инсан аралык жана маданият аралык мамиле маданиятынын адептик, этикалык принциптери менен ченемдерин, дискуссия жүргүзүү эрежелерин, чыр-чатактарды чечүүнүн ыкмаларын, иштиктүү этиканын эрежелерин пайдаланууга умтулуусун көрсөтөт;

- «Коом жана жарандык коом» («жарандардын коому») түшүнүктөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты жана айырмачылыктарды, БӨУ (НПО) коомдун турмушунда кандай роль ойнорун белгилейт;

- Адам укугун коргоо деген эмне экенин, укугу бузулган учурда кайда кайрылуу керектигин, керектөөчү ката кетирип алуудан кантип качуусу жана бузулган укуктарын калыбына келтириши керектигин түшүндүрүп берет;

- Демократиялык коомду өнүктүрүүдө мамлекеттин жана саясий партиялардын ролу кандай экенин көрсөтөт;

- Бизнес жүргүзүүгө өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн баалайт, бизнестин ар түрдүү юридикалык фирмаларынын артыкчылыктарын жана мүчүлүштөрүн, ишкердик капитал кантип түзүлөрүн талдоого алат;

- Фирманын өндүрүшкө жумшалган чыгымдарын эмне түзөрүн, киреше жана пайда кантип аныкталарын, атаандыштык жана монополия шарттарында фирмалардын жашоосунун мүмкүнчүлүгү кандай экенин талдоого алат;

- Адамдардын жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрүн талдоого алат, камсыздандыруу уюмдары жаранга, фирмага, мамлекетке эмнеси менен пайдалуу экенин талдайт, үй-бүлөнүн болжолдуу бюджетин түзөт;

- Кыргызстандын экономикалык дараметин, анын сырткы соодасынын шарттарын, бажы, чет элдик валюта менен байланыштуу көйгөйлөрдү, эмгек миграциясынын себептери жана натыйжалары кайсылар экенин түшүндүрүп берет;

- Кандай баалуулуктар жалпы адамзаттык (гуманисттик) болорун айырмалайт, аларды категориялар боюнча классификациялайт: бийик руханий, маданий, саясий жана жарандык, демократиялык коомдун баалуулуктары, экологиялык баалуулуктар, ж.б.

- Аял менен эркектин коомдогу жана үй-бүлөдөгү ролу тууралуу кеңири таралган көз караштарды, үй-бүлөнү пландоо деген эмне экенин талдоого алат;

- БУУнун максаттарын, милдеттерин жана принциптерин, БУУнун Программаларын, туруктуу өнүгүүнү, жакырчылыкты, тынчтыкты сактоону, адам укуктарын, теңсиздикти, адамдын коопсуздугун, баланын укуктарын, адамзаттын маданий мурастарын  чечмелеп түшүндүрүп берет;

- Эл аралык – укуктук актылар менен (Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Баланын укуктары боюнча Конвенция) жана КР Констиуциясындагы жалпылыктарды талдоого алат, «Конституция – түз аракеттеги мыйзам» деген туюнтманын маанисин түшүндүрөт;

- Баалуу кагаздар деген эмне экенин, аларды ким сатып аларын жана сатарын, баалуу кагаздар менен жүргүзүлүүчү мыйзамдуу операциялар «алдамчылык» пирамидалардан эмнеси менен айырмаланарын,  банктар кадимки адамдардын жана фирмалардын ишмердүүлүгүндө кандай роль ойнорун түшүндүрүп берет;

- Эмне үчүн жумушсуздук орун аларына, эмгек биржасы кандай милдеттерди аткарарына, мамлекетттин социалдык саясаты кандай чараларды көрөрүнө талдоо жүргүзөт;

- Үй-бүлө, мүлктүк жана мүлктүк эмес, эмгек мамилелери кандай укуктук ченемдер менен жөнгө салынарын түшүндүрүп берет;

- Келишим деген эмне экенин, адамдардын ортосундагы мамилелерде келишимди колдонуу эмне менен шартталганын, экономикалык турмушта келишимдердин кайсы түрлөрү көп кездешерин түшүндүрөт

## АДАБИЯТТАР

1. Гражданственность и участие в управлении – ваша роль в гражданском обществе XX1 века. Учеб. н/пособие для средних шк. КР. 10-11 кл. – Бишкек, МФИС, 2013.

2. Гражданственность и участие в управлении. Учеб. н/пособие для средних шк. КР. 10-11 кл. – Бишкек, МФИС, 2004.

3. Личность и право. Учебное пособие для 9 класса/под ред. Алишевой А.Р. – Бишкек, 1998 г.

4. Обществознание. 9 класс: учебник для общеобразоват. учреждений / Л. Н. Боголюбов [и др.]; под ред. Л. Н. Боголюбова, А. И. Матвеева; Рос. Акад. наук, Рос. акад. образования, изд-во «Просвещение». – М.: Просвещение, 2010.

5. Человек в государстве: Учебное пособие для 10 классов общеобразовательных средних учебных заведений/ Алишева А.Р. и др.– Бишкек, 2000.

6. Предметный стандарт по курсу «Человек и общество» для общеобразовательных организации КР. (5-9-кл). – Бишкек, 2018.

7. Программа по курсу «Человек и общество» общеобразовательных школ для учащихся 5-9-классов. - Бишкек, 2018.

Адам жана коом
предмети боюнча 5-9-класстар үчүн

ПРОГРАММА

Бишкек ш., бульвар Эркиндик - 25